**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жыл үчүн бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетуна**
**түшүндүрмө кат**

## I. Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) бюджетинин жалпы кирешеси 81 563,9 млн. сомду түздү. 2021-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 19 009,7 млн. сомго же 130,4 %га көбөйдү. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин кирешеси 8,9 % түздү.

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткары-лышы | 2022-жыл бюджет | 2022-жыл аткары-лышы | 2021-жылга карата 2022-жыл | | 2022-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК КИРЕШЕЛЕР** | **62 554,2** | **78 375,6** | **81 563,9** | ***19 009,7*** | ***130,4*** | ***3 188,3*** | ***104,1*** |
| *ИДП %* | *8,7* | *9,5* | *8,9* | | | | |
| 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү | 38 356,6 | 48 545,0 | 51 592,6 | *13 236,0* | *134,5* | *3 047,6* | *106,3* |
| 2. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар | 23 827,3 | 29 352,3 | 29 352,3 | *5 524,9* | *123,2* | *0,0* | *100,0* |
| 3. Башка кирешелер | 370,2 | 478,3 | 619,0 | *248,8* | *167,2* | *140,7* | *129,4* |

### 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү 51 592,6 млн. сомду же белгиленген пландык тапшырманын 106,3 %ын түздү. Камсыздандыруу төгүмдөрү өткөн жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 134,5 %га, же 13 236,0 млн. сомго өстү.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнүн өсүшү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы №92 «Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө» Жарлыгынын негизинде бюджеттик мекемелерде иштегендердин жана башка камсыздандыруу төгумдөрүн чегерүүчүлөрдүн айлык акысынын жогорулашына байланыштуу.

**Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн бюджеттик классификациялар боюнча түшүүсү**

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткары-лышы | 2022-жыл бюджет | 2022-жыл аткары-лышы | 2021-жылга карата 2022-жыл | | 2022-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | в % | +/- | в % |
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү** | **38 356,6** | **48 545,0** | **51 592,6** | **13 236,0** | **134,5** | **3 047,6** | **106,3** |
| Пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү | 35 053,9 | 44 513,5 | 47 382,6 | 12 328,7 | 135,2 | 2 869,1 | 106,5 |
| Полистер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү (МТПФ тышкары) | 876,5 | 1 039,9 | 1 033,9 | 157,4 | 118,0 | -6,0 | 99,4 |
| Юридикалык жак болуп түзүлбөгөн дыйкан (фермердик) чарбалардын камсыздандыруу төгүмдөрү | 245,1 | 262,9 | 261,9 | 16,8 | 106,9 | -1,0 | 99,6 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| МТПФ камсыздандыруу төгүмдөрү | 2 175,3 | 2 722,7 | 2 907,2 | 731,9 | 133,6 | 184,5 | 106,8 |
| МТПФ полистер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү | 5,8 | 6,0 | 7,1 | 1,2 | 121,0 | 1,0 | 117,3 |

### 2. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар

2022-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар 29 352,3 млн. сомду түздү же 2021-жылга салыштырмалуу 5 524,9 млн. сомго көбөйдү.

Бул пенсинерлердин санынын көбөйүшүнө жана макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшүнө, ошондой эле 2022-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүнүн 3170 сом өлчөмүндө белгиленишине байланыштуу.

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткары-лышы | 2022-жыл | | 2021-жылга өсүшү | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | бюджет | аткарылышы | +/- | % |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 14 255,8 | 18 867,5 | 18 867,5 | 4 611,7 | 132,3 |
| Электр энергиясы үчүн компенсациялар | 1 938,7 | 2 009,8 | 2 009,8 | 71,1 | 103,7 |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 3 601,5 | 4 078,6 | 4 078,6 | 477,1 | 113,2 |
| Аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 128,8 | 125,4 | 125,4 | -3,4 | 97,4 |
| Пенсия жана пенсияларга үстөк акылар | 3 727,6 | 4 271,0 | 4 271,0 | 543,3 | 114,6 |
| Социалдык фондго карызды жоюу | 174,9 | | | -174,9 | 0,0 |
| **БАРДЫГЫ** | **23 827,3** | **29 352,3** | **29 352,3** | **5 524,9** | **123,2** |

### 3. Башка кирешелердин түшүшү

Социалдык фонд туумдардан жана айыптардан, Социалдык фонддун эсептериндеги акча каражаттардын күнүмдүк калдыктарына эсептелген пайыздардан, дивиденддерден ж.б. булактардан 619,0 млн. сом киреше алды.

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткары-лышы | 2022-жыл бюджет | 2022-жыл аткары-лышы | 2022-жыл 2021-жылга карата | | 2022-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **Башка кирешелер, анын ичинде:** | **370,2** | **478,3** | **619,0** | ***248,8*** | ***167,2*** | ***140,7*** | ***129,4*** |
| ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 58,4 | 119,4 | 119,4 | *61,1* | *204,7* | *-0,0* | *100,0* |
| убактылуу бош акча каражаттарын МБК жайгаштыруудан түшкөн кирешелер | 96,5 | 92,1 | 92,1 | *-4,4* | *95,5* | *0,0* | *100,0* |
| камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип жана толук эмес төлөгөндүгү үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 81,6 | 115,0 | 174,0 | *92,4* | *213,1* | *59,0* | *151,3* |
| эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 82,5 | 141,6 | 214,9 | *132,4* | *260,5* | *73,3* | *151,8* |
| пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 42,6 | 7,0 | 8,2 | *-34,4* | *19,1* | *1,2* | *116,3* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 5,4 | 2,0 | 7,4 | *2,0* | *136,6* | *5,4* | *370,8* |
| Башка түшкөн каражаттар | 3,3 | 1,2 | 3,0 | *-0,3* | *90,9* | *1,8* | *249,3* |

**2022-жылы Социалдык фондуна таандык акционердик коомдордун акцияларынан түшкөн дивиденддер боюнча маалымат**

2022-жылы Социалдык фондуна төмөндөгү акционердик коомдордон 119,4 млн. сом дивиденддер түштү:

- «Түндүк электро» ААК – 7,7 млн. сом;
- «Жалалабат электро» ААК - 0,04 млн. сом;
- «Учкун» ААК - 0,3 млн. сом;
- «Манас» Эл аралык аэропорту» ААК – 85,3 млн. сом;
- «Кыргызнефтегаз» ААК – 24,6 млн. сом;
- «Кыргызтелеком» ААК – 0,8 млн. сом;
- «Ош электро» ААК - 0,4 млн. сом
- «Бишкек жылуулук тармагы» ААК – 0,3 млн. сом.

## II. Социалдык фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы

Социалдык фонддун бюджетинин жалпы чыгымдары 71 181,8 млн. сомду түздү, же 1 308,1 млн. сомго такталган бюджеттен аз. 2021-жылга салыштырмалуу бюджеттин чыгымдары 10 423,3 млн. сомго же 117,2%га көбөйдү. Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары ИДПнын көлөмүнө карата 7,7 %ды түздү.

Пенсиялык фонд боюнча баардык чыгымдар 64 210,2 млн. сом суммасында аткарылды, 2021-жылга салыштырмалуу өсүш 8 587,0 млн. сомду түздү, бул пенсинерлердин санынын жыл сайын өсүшү жана пенсиялардын жогорулашы менен шартталган.

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткарылышы | 2022-жыл бюджет | 2022-жыл аткарылышы | 2021-жылга карата 2022-жыл | | 2022-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК ЧЫГЫМДАР** | **60 758,6** | **72 489,9** | **71 181,8** | ***10 423,3*** | ***117,2*** | ***-1 308,1*** | ***98,2*** |
| ИДПга % | *8,4* | *8,8* | *7,7* | | | | |
| **Пенсиялык фонд боюнча, анын ичинде:** | **55 623,3** | **65 548,4** | **64 210,2** | ***8 587,0*** | ***115,4*** | ***-1 338,1*** | ***98,0*** |
| ИДПга % | *7,7* | *7,9* | *7,0* | | | | |
| электр энергиясы үчүн компенсацияларды эске алганда пенсиялар | 50 315,5 | 59 269,9 | 58 416,4 | *8 100,8* | *116,1* | *-853,5* | *98,6* |
| аскер кызматчыларынын пенсиялары | 3 498,5 | 4 078,6 | 3 897,7 | *399,2* | *111,4* | *-180,9* | *95,6* |
| аскер кызматчыларын камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 122,3 | 125,4 | 86,7 | *-35,6* | *70,9* | *-38,7* | *69,2* |
| сөөк коюуга жөлөкпул | 444,7 | 510,6 | 414,7 | *-30,0* | *93,3* | *-95,9* | *81,2* |
| пенсияларды жана жөлөкпулдарды дайындоо жана жеткирүү боюнча чыгымдар | 355,0 | 351,5 | 340,4 | *-14,6* | *95,9* | *-11,1* | *96,8* |
| Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары | 9,5 | 16,5 | 12,7 | *3,2* | *134,4* | *-3,8* | *77,0* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| административдик чыгымдар | 827,9 | 1 139,6 | 986,3 | *158,4* | *119,1* | *-153,3* | *86,5* |
| резервдик фонд | 0,06 | 2,0 | 2,0 | *1,9* | *3 333,3* | *0,0* | *100,0* |
| өнүктүрүү фонду | 46,7 | 50,0 | 49,1 | *2,4* | *105,1* | *-0,9* | *98,2* |
| мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө | 3,2 | 4,3 | 4,3 | *1,1* | *134,4* | *0,0* | *100,0* |
| **Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча** | **2742,1** | **3 541,6** | **3541,6** | ***799,5*** | ***129,2*** | ***0,0*** | ***100,0*** |
| **Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фонду боюнча** | **212,1** | **671,3** | **515,8** | ***303,7*** | ***243,2*** | ***-155,5*** | ***76,8*** |
| **Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча** | **2 181,2** | **2 728,7** | **2 914,3** | ***733,1*** | ***133,6*** | ***185,5*** | ***106,8*** |

**Пенсияларды жогорулатуу**

Пенсионерлердин жашоо деңгээлин андан ары колдоону камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «2022-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүн белгилөө жөнүндө» 2022-жылдын 9-сентябрындагы № 504 жана «2022-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо жөнүндө» 2022-жылдын 9-сентябрындагы № 505 токтомдоруна ылайык, пенсиянын базалык бөлүгүн 3170 сом өлчөмүндө белгиленди жана пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн 15% га индексацияланды.

Социалдык фонддун бюджетинде пенсиялардын базалык жана камсыздандыруу бөлүгүн жогорулатууга 4 424,3 млн. сом каралган. Анын ичинен пенсиялардын базалык бөлүгүн жогорулатууга 3 083,0 млн. сом, пенсиялардын камсыздандыруу бөлүгүн жогорулатууга 1 341,3 млн. сом каралган.

Ошондой эле, 2021-жылдын 1-сентябрындагы № 373 «Жарандардын айрым категорияларына ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрүн жогорулатуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык багуучусунан айрылган балдарды пенсия менен камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатуу максатында, 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 265 «Багуучусунан айрылган балдарды пенсиялык камсыздоо деңгээлин жогорулатуу жөнүндө» жана 2022-жылдын 31-майындагы № 284 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин социалдык камсыздоо чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдоруна ылайык, ата-энесинин бирөөнөн айрылгандыгы боюнча пенсия алган ар бир баланын пенсиясынын базалык бөлүгү 2022-жылдын 1-январынан тартып 2000 сомго чейин жеткирилди, ал эми 2022-жылдын 1-июнунан тартып 3000 сомго чейин жеткирилген.

Ата-энесинин экөөнөн тең айрылгандыгы боюнча пенсия алган ар бир баланын пенсиясынын базалык бөлүгү 2022-жылдын 1-январынан тартып 6000 сомго чейин жеткирилди.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы № 91 КПҮ «Баткен облусунун өзгөчө статуска ээ болгон чек ара аймактарында туруктуу жашаган жарандардын песияларына ай сайын төлөнүүчү компенесациялык төлөмдөрдү белгилөө жөнүндө» токтомуна ылайык, 2022-жылдын 1-мартынан тартып Баткен облусунун өзгөчө статуска ээ болгон чек арага чектеш аймактарында туруктуу жашаган пенсионерлерге 2000 сом өлчөмүндө пенсияларга ай сайын компенсациялык төлөмдөр белгиленген.

2023-жылдын 1-январына карата пенсионерлердин саны 742,9 миң адамды түзүп, пенсиянын республика боюнча орточо өлчөмү 7 777 сомду түздү.

**Резервдик фонддун пайдаланылышы**

2022-жылга Социалдык фонддун бюджетинде Резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сом суммасында белгиленген.

Бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча кайрымдуулук жардам көрсөтүүгө резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сомду түздү. Ден-соолугуна байланыштуу

мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын эл аралык күнүнө жана Карылар күнүнө карата кайрымдуулук жардам көрсөтүлдү.

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткарылышы | 2022-жыл бюджет | 2022-жыл аткарылышы | +/- бюджетке |
|---|---|---|---|---|
| **Резервдик фонддун чыгымдары** | **0,06** | **2,0** | **2,0** | **-0,0** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| Кайрымдуулук жардам | 0,06 | 2,0 | 2,0 | -0,0 |

**2022-жыл үчүн өнүктүрүү фондунун түзүлүшү жана пайдаланылышы**

2022-жылы туумдардан жана айыптардан 174,0 млн. сом түштү. 2022-жылга Социалдык фонддун бюджетинде өнүктүрүү фондунун чыгымдары 50,0 млн. сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 49,1 млн. сом пайдаланылды.

(млн. сом)

| | Туумдардын жана айыптардын түшүүсү | Чыгымдар | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Бюджет боюнча бекитилгени | Аткарылышы | +/- |
| Социалдык фондунун борбордук аппараты жана райондук/ шаардык башкармалыктары | 174,0 | 50,0 | 49,1 | -0,9 |

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун, Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондунун каржыланышы**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 2022-жылга бюджетте 3 541,6 млн. сом каралып, толугу менен каржыланды.

Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондуна бюджетте 671,3 млн. сом каралып, 515,8 млн. сомго каржыланды. 2022-жылдын ноябрь айында соттун чечими менен Кыргызстан профсоюздар федерациясынын банктык эсептеринин камакка алынганына байланыштуу 155,5 млн. сомго аз каржыланды

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду**

Жалпысынан 2022-жылы МТПФ каражаттарынан мамлекеттик баалуу кагаздарга жана депозиттерге 10 616,7 млн. сом инвестицияланды.

МТПФ каражаттарын инвестициялоодон 2022-жылы 3 571,9 млн. сом киреше түштү.

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелери**

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткары-лышы | 2022-жыл бюджет | 2022-жыл аткары-лышы | 2021-жылга карата 2022-жыл | | 2022-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **МТПФ КИРЕШЕЛЕРИ** | **5 170,3** | **6 262,3** | **6 486,4** | **1316,1** | **125,5** | **224,1** | **103,6** |
| 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү | 2 181,2 | 2 728,7 | 2 914,3 | 733,1 | 133,6 | 185,6 | 106,8 |
| 2. МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн каражаттар, анын ичинен: | 2 988,9 | 3 533,6 | 3 571,9 | 583,0 | 119,5 | 38,3 | 101,1 |
| МТПФ эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 6,8 | 6,8 | 12,9 | 6,1 | 189,7 | 6,1 | 189,7 |
| мамлекеттик баалуу кагаздардан | 2 649,9 | 2 928,6 | 2 928,6 | 278,7 | 110,5 | 0 | 100,0 |
| депозиттерден | *332,2* | *598,2* | *630,4* | 298,2 | 189,8 | 32,2 | 105,4 |
| 3. Башка кирешелер | 0,3 | 0,0 | 0,3 | 0 | 100,0 | 0,3 | 0,0 |

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун чыгымдары**

2022-жылы пенсиянын топтомо бөлүгүнөн 665,8 млн. сом төлөндү. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар 11,9 млн. сомду түздү.

(млн. сом)

| | 2021-жыл аткарылышы | 2022-жыл бюджет | 2022-жыл аткарылышы | 2021-жылга карата 2022-жыл | | 2022-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **МТПФ ЧЫГЫМДАРЫ** | **423,2** | **1 324,8** | **701,7** | **278,5** | **165,8** | **-623,1** | **53,0** |
| Топтомо каражаттарын төлөп берүү | 349,3 | 1 000,0 | 665,8 | 316,5 | 190,6 | -334,2 | 66,6 |
| Топтомо каражаттарын башка топтомо фонддорго өткөрүп берүү | 55,2 | 300,0 | 21,7 | -33,5 | 39,3 | -278,3 | 7,2 |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар | 9,7 | 14,8 | 11,9 | 2,2 | 122,7 | -2,9 | 80,4 |
| Башка классификацияланбаган чыгашалар | 9,0 | 10,0 | 2,2 | -6,8 | 24,4 | 7,8 | 22,0 |

**2023-жылдын 1-январына карата жеткирүүчүлөр боюнча дебитордук карыздар тууралуу маалымат**

(миң сом)

| Багыты | сумма |
|---|---|
| почта байланыш кызматы («Кыргыз почтасы» ААК) | 2,5 |
| маалыматтык технологиялык кызматтары («Акфорта» ЖЧК) | 382,8 |
| электрэнергиясы («РЭС» ААК) | 10,2 |
| КММ («Партнер Нефть» ЖЧК) | 58,8 |
| КММ («Шнос» ЖЧК) | 62,1 |
| КММ («Кыргыз Нафта» ЖЧК) | 49,7 |
| КММ («Газпром» ЖЧК) | 21,8 |
| КММ (ЖИ Торогулова К.) | 40,2 |
| КММ («РН-Кыргызнефтепродукт» ЖАК) | 22,7 |
| байланыш кызматы («Кыргызтелеком» ААК) | 20,5 |
| суу менен камсыз кылуу («Сууканал» СЧББ) | 6,5 |
| көмүр отуну («Кыргызкөмүр» МИ) | 5,1 |
| көмүр отуну («КараАлтынкен» ЖЧК) | 46,4 |
| **Жыйынтыгы** | **729,3** |

**2023-жылдын 1-январына карата жеткирүүчүлөр боюнча кредиттик карыздар тууралуу маалымат**

(миң сом)

| Багыты | сумма |
|---|---|
| байланыш кызматы («Кыргызтелеком» ААК) | 10,9 |
| электрэнергиясы («Северэлектро» ААК) | 41,8 |
| суу менен камсыз кылуу («Сууканал» СЧББ) | 4,8 |
| жылуулук энергиясы («Бишкек жылуулук тармагы») | 179,4 |
| КММ («Кылым» ЖЧК) | 13,5 |
| КММ («Кыргыз Нафта» ЖЧК) | 29,4 |
| кеңсе бюмдары (ЖИ Касимов) | 11,4 |

| | |
|---|---|
| бланкалык продукциялар (КР Социалдык фонду, «Эдем Принт» ЖЧК, «Алтын Тамга» ЖЧК) | 16,9 |
| почта байланыш кызматы («Кыргыз почтасы» ААК) | 241,6 |
| **Жыйынтыгы** | **549,7** |

**Пландаштырылган максаттарга жетүү боюнча көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы жөнүндө маалымат**

(млн. сом)

| **Аталышы** | **Өткөн жылдагы көрсөткүчтөр** | **Көрсөт-күчтүн пландык мааниси** | **Көрсөт-күчтүн анык мааниси** | **Көрсөткүчкө жетишүү даражасы (%)** | **Өткөн жылдагы көрсөткүчкө жетишүү даражасы (%)** |
|---|---|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 38 356,6 | 48 545,0 | 51 592,6 | 106,3 | 134,3 |
| Башка кирешелер | 370,2 | 478,3 | 619,0 | 129,4 | 167,2 |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн кирешелер | 2 988,9 | 3 533,6 | 3 571,9 | 101,1 | 119,5 |
| Пенсияларды каржылоо | 50 315,5 | 59 269,9 | 58 416,4 | 98,6 | 116,1 |
| Аскер кызматчыларынын пенсияларын каржылоо | 3 498,5 | 4 078,6 | 3 897,7 | 95,6 | 111,4 |
| ММКФ каржылоо | 2 742,1 | 3 541,6 | 3 541,6 | 100,0 | 129,2 |
| ЭДЧФ каржылоо | 212,1 | 671,3 | 515,8 | 76,8 | 243,2 |

2022-жылга Социалдык фонддун бюджети 5 885,7 млн. сом профицит менен бекитилген.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджети 10 382,1 млн. сом профицит менен аткарылды.